Тиркеме №5

«БЕКИТИЛДИ»
Кыргыз Республикасынын
Жогорку сотунун
төрагасы
**З.К. Базарбеков** ________________
“_8_” ________ 20__ -ж.

«БЕКИТИЛДИ»
Кыргыз Республикасынын
Судьялар кеңешинин
2024-жылдын _5-апрелиндеги_
чечими менен

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СУДЬЯЛАРЫНЫН ЖАНА СОТ СИСТЕМАСЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН КВАЛИФИКАЦИЯСЫН ЖОГОРУЛАТУУНУН ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

1. **Жалпы жобо**
2. **Квалификацияны жогорулатуунун тартиби, мөөнөттөрү жана уюштуруу**
3. **Окутуу процессинин сапатын контролдоо жана координациялоо**
4. **Квалификацияны жогорулатуу процессин финансылык жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу**

## I. Жалпы жобо

1.1. Бул Жобо "Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө", "Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана жергиликтүү соттор жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамдарына, "Соттук өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө", "Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун аппараты жөнүндө жоболорго, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаменти жөнүндө жобого, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектебинин Жобосуна ылайык иштелип чыкты.

1.2. Бул Жобо төмөндөгү угуучулардын категорияларынын квалификациясын жогорулатууну уюштурууну жана тартибин аныктайт:

- судьялардын;
- соттордун аппарат кызматкерлеринин;
- Кыргыз Республикасынын Судьялар кеңешинин (мындан ары – Судьялар кеңеши) жана Кыргыз Республикасынын Сот адилеттиги иштери боюнча кеңештин (мындан ары – Сот адилеттиги иштери боюнча кеңеш) мүчөлөрүнүн;
- Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот департаментинин (мындан ары – Сот департаменти) жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн кызматкерлеринин;

- соттук аткаруучулар кызмат бөлүмдөрүнүн сот аткаруучуларынын;

- соттук приставдар кызмат бөлүмдөрүнүн сот приставдарынын;

- Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектебинин (мындан ары - Сот адилеттигинин жогорку мектеби) кызматкерлеринин.

1.3. Квалификацияны жогорулатуу бекитилген окуу программаларга ылайык Сот адилеттигинин Жогорку мектеби тарабынан милдеттүү комплекстүү окуу программалары (мындан ары - КПО) түрүндө, ошондой эле угуучулардын тандоосу боюнча жана топтун түзүлүшүнө жараша кошумча окуу программалары түрүндө жүргүзүлөт, тренерлер үчүн тренингдер, жеке компетенцияларды жогорулатуу жана мамлекеттик программаларды ишке ашыруу боюнча темалардын циклдерин кошпогондо.

Угуучулардын квалификациясын жогорулатуу, алардын кесиптик милдеттерин аткаруудан ажыратуу менен жүргүзүлөт.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун жана Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьяларынын квалификациясын жогорулатууну уюштуруунун өзгөчөлүктөрү алардын төрагалары тарабынан аныкталат.

1.4. Судьялардын квалификациясын жогорулатуунун негизги максаты - кесиптик билим деңгээлдерин жогорулатуу, соттук практикада, эл аралык жана улуттук укукта актуалдуу өзгөртүүлөрдү өздөштүрүү, судьялардын квалификациясына коюлуучу жогорку талаптарга жана кесиптик маселелерди чечүүнүн заманбап ыкмаларын өздөштүрүү зарылдыгына байланыштуу, теориялык билимдерди жаңылоо жана практикалык көндүмдөрдү өркүндөтүү.

Сот системасынын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуунун негизги максаты - сот адилеттигин ишке ашыруу, соттордун ишин камсыз кылуу жана соттук актыларды аткаруу менен байланышкан кесиптик милдеттерди натыйжалуу чечүү үчүн кесиптик билим деңгээлдерин жогорулатуу, иш маселелери боюнча теориялык билимдерин жана практикалык көндүмдөрүн комплекстүү жаңылоо.

1.5. Квалификациясын жогорулатуунун принциптери болуп:

- квалификациясын жогорулатуунун мезгилдүүлүгү;
- билим берүүнүн үзгүлтүксүздүгү;
- квалификацияны жогорулатуунун күндүзгү формасы;
- кесипке мүнөздүү болгон зарыл көндүмдөрдү жана жөндөмдөрдү өздөштүрүүгө ар тараптуу жана комплекстүү мамиле кылуу;
- теория менен практиканын өз ара байланышы;
- окуу программаларынын практикалык багыты;
- окуу программаларын жаңыртуунун жана окутуунун методикасын өркүндөтүүнүн мезгилдүүлүгү, мазмунунун актуалдуулугу;
- окутуу процессинде жаңы IT-технологияларды колдонуу.

1.6. Судьялардын санын жана окутуудан өтүү мөөнөтүн эске алуу менен окуу программалары Сот адилеттигинин жогорку мектеби тарабынан иштелип чыгат жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун (мындан ары - Жогорку сот) төрагасы менен макулдашуу боюнча Судьялар кеңеши тарабынан үч жылда бир жолу бекитилет.

1.7. Сот адилеттигинин жогорку мектеби судьялардын, сот системасынын кызматкерлеринин жана лектордук-окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатуудан өткөндүгүнүн эсебин жүргүзөт, ошондой эле мезгилдүүлүктүн сакталышы үчүн жоопкерчилик тартат. Сот адилеттигинин жогорку мектеби лектор катары Конституциялык, Жогорку жана жергиликтүү соттордун иштеп жаткан судьяларын, жогорку квалификациялуу адистерди, анын ичинде башка өлкөлөрдөн дагы, ошондой эле Сот адилеттигинин жогорку мектебинин жана сот системасы органдарынын административдик-башкаруу персоналын, айкалыштырып иштөө же саатына төлөө шарттарында ишке тартууга укуктуу.

## II. Квалификацияны жогорулатууну уюштуруу тартиби жана мөөнөтү

2.1. Квалификацияны жогорулатуу сот адилеттигинин жогорку мектебинин окуу программаларына ылайык ошол мезгилге эмгек акыны сактоо менен негизги ишинен ажыратуу менен үч жылда бир жолудан кем эмес жүргүзүлөт.

Судьялардын, Судьялар кеңешинин, Сот адилеттиги иштери боюнча кеңештин мүчөлөрүнүн квалификациясын жогорулатуу инстанцияга, адистешүүгө ылайык жана кызмат ордунда болуу мөөнөтүн эске алуу менен жүргүзүлөт:

- Конституциялык соттун судьялары;
- Жогорку соттун судьялары;
- 2-инстанциядагы жергиликтүү соттун судьялары;
- 1-инстанциядагы жергиликтүү соттун судьялары;
- судьялык кызматка биринчи жолу дайындалган судьялар;
- административдик кызмат ордуна шайланган судьялар;
- Судьялар кеңешинин, Сот адилеттиги иштери боюнча кеңештин мүчөлөрү.

Судьянын ишине кесиптик баа берүү Кыргыз Республикасынын Судьяларынын ишине кесиптик баа берүүнү жүргүзүү тартиби жөнүндө жобонун 1.9-пунктунда каралган максималдуу баллдын 70 пайызынан төмөн болсо, Судьялар кеңешинин сунушу боюнча судья бир жыл өткөндөн кийин судьянын ишинин сапатына кайрадан кесиптик баа берүүдөн өтүүчү Сот адилеттигинин жогорку мектеби тарабынан даярдалган квалификацияны жогорулатуу атайын курсунан өтөт .

2.2. Сот системасынын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу кызмат ордунда болуу мөөнөтүн эске алуу менен төмөнкү категориялар боюнча жүргүзүлөт:

- соттордун аппарат кызматкерлери;
- сот актыларын аткарууну камсыз кылуу менен байланышкан ишти жүзөгө ашырган Сот департаментинин кызматкерлери, соттук аткаруучулар кызматынын бөлүмдөрүнүн соттук аткаруучулары, соттук приставдар кызматынын бөлүмдөрүнүн сот приставдары;
- Сот адилеттигинин жогорку мектебинин аппарат кызматкерлери;
- мамлекеттик кызматка биринчи жолу кирген сот системасынын кызматкерлери.

2.3. КОПтун узактыгы жана мезгилдүүлүгү төмөндөгүдөй:

- Конституциялык жана Жогорку соттун судьялары үчүн – үч жылда бир жолудан кем эмес жана **16 саат**;
- жергиликтүү соттун судьялары үчүн - үч жылда бир жолудан кем эмес жана **80 саат;**
- биринчи жолу дайындалган судьялар үчүн - судья болуп шайлангандан кийин биринчи жыл ичинде **320 саат**;
- административдик кызматка шайланган судьялар үчүн (төрага, төраганын орун басары) - административдик кызматка шайлангандан кийинки биринчи жылдын ичинде ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнө **16 саат;**
- Судьялар кеңешинин, Сот адилеттиги иштери боюнча кеңештин мүчөлөрү үчүн - шайлангандан кийинки биринчи жылдын ичинде ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнө **16 саат;**
- соттордун аппаратынын, Сот адилеттигинин жогорку мектебинин, Сот департаментинин кызматкерлери, соттук аткаруучулар кызмат бөлүмдөрүнүн сот аткаруучулары жана соттук приставдар кызматынын бөлүмдөрүнүн сот приставдары үчүн үч жылда бир жолудан кем эмес **40 саат**.

2.4. Окутуу процессин уюштуруу Сот адилеттигинин жогорку мектеби тарабынан ишке ашырылат жана ага төмөнкүлөр кирет:

- бекитилген окуу программаларынын негизинде окутуу ырааттамасын түзүү;
- лектордук – окутуучу курамды түзүү;
- окуу куралдарын, окуу программаларын иштеп чыгуу;
- угуучуларды сурамжылоо үчүн анкетаны иштеп чыгуу (алдын-ала тест- жана окуу бүткөндөн кийинки тест);
- судьялардын жана сот системасынын кызматкерлеринин тайпаларын түзүү;

- окутууну өткөрө турган жайларды даярдоо жана керектүү техникалар менен жабдуу;
- окутууну өткөрүү жөнүндө буйрукту даярдоо;
- судьяларды жана сот тутумунун кызматкерлерин квалификациясын жогорулатууга жиберүү жөнүндө соттордун төрагаларына жана Сот департаментинин директоруна жазуу жүзүндө билдирүү;
- судьялардын жана сот тутумунун кызматкерлеринин окутуу курстарына катышуусун каттоо жана эсепке алуу;
- программаны өздөштүрүүгө баалоо жүргүзүү;
- белгиленген форма боюнча отчет даярдоо.

2.5. Судьялардын квалификациясын жогорулатуудан өтүүнүн тартиби жана мөөнөттөрү Конституциялык соттун, Жогорку соттун төрагалары жана Судьялар кеңеши тарабынан аныкталат.

2.6. Сот департаменти кызмат ордуна биринчи жолу дайындалган судьялардын (Конституциялык соттун жана Жогорку соттун судьяларынан тышкары) жана сот системасынын кызматкерлеринин кызматка киришкен күндөн тартып 10 жумуш күндүн ичинде КОП боюнча окуудан өтүү үчүн тиешелүү тизмесин Сот адилеттигинин жогорку мектебине жөнөтөт.

2.7. Бардык категориядагы угуучулардын окуу программаларына коррупцияга каршы аракеттенүү, судьянын ар-намыс кодексинин талаптарын сактоо маселелерине арналган темалар милдеттүү түрдө киргизилет.

Судьялардын квалификациясын жогорулатуу окуу программалары (КОП) боюнча судьяларды окутуу жылына эки жолу – жазында жана күзүндө уюштурулат.

Окуу программаларында окуу сабактарынын жана окуу иштеринин төмөнкүдөй түрлөрү каралышы мүмкүн, анын ичинде толугу менен же жарым-жартылай электрондук окутууну, аралыктан билим берүү технологияларын колдонуу менен:
- лекциялар, лекциялар-дискуссиялар, практикалык сабактар, семинарлар, тегерек столдор, иштиктүү оюндар, окуу сабактарынын жана окуу иштеринин башка түрлөрү;
- соттордогу такшалма;
- жыйынтыктоочу аттестация.

2.8. Кызмат ордуна биринчи жолу дайындалган судьяларды такшалмадан өткөрүү (мындан ары – такшалма) биринчи жолу дайындалган судьялар үчүн КОПтун курамдык бөлүгү болуп саналат жана Сот адилеттигинин жогорку мектебинин директорунун буйругу менен бекитилген, Судьялар кеңеши менен макулдашылган Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу Сот адилеттигинин жогорку мектеби тарабынан биринчи жолу дайындалган судьяларды такшалмадан өткөрүүнүн эрежелерине (мындан ары - Такшалмадан өтүү эрежелери)

ылайык жүзөгө ашырылат. Такшалма бардык инстанциядагы соттордо, ошондой эле Конституциялык сотто уюштурулат.

2.9. Такшалма убагында Сот адилеттигинин жогорку мектеби такшалмадан өтүү маселелери боюнча методикалык жардам көрсөтөт.

Такшалманын жыйынтыгы боюнча судьялар такшалмадан өткөндүгү жөнүндө отчет даярдашат, ага такшалма уюштурулган соттун төрагасы тарабынан дайындалуучу такшалманын жетекчиси кол коет.

2.10. Квалификацияны жогорулатуу программасын өздөштүрүү биринчи жана экинчи инстанцияларынын судьяларынын жана сот системасынын кызматкерлерин компьютердик тестирлөө түрүндөгү милдеттүү жыйынтыктоочу аттестация менен, ал эми КОПго ылайык соттордо такшалуудан өткөн учурда – ошондой эле такшалуудан өткөндүгү жөнүндө отчетту коргоо формасы менен жыйынтыкталат.

Квалификацияны жогорулатуу программасын өздөштүргөн жана Сот адилеттигинин жогорку мектебинде жыйынтыктоочу аттестациядан ийгиликтүү өткөн угуучуларга, окутуу сааттарынын санын жана баалоо баллын көрсөтүү менен квалификацияны жогорулатуу жөнүндө белгиленген үлгүдөгү Күбөлүк берилет.

Жыйынтыктоочу аттестациядан өтпөй калган учурда угуучуларга эки айдын ичинде жыйынтыктоочу аттестацияны кайталап тапшырууга укук берилет.

Сот адилеттигинин жогорку мектеби судьялардын жана сот системасынын кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуудан өтүүнүн натыйжалары жөнүндө маалыматты Судьялар кеңешине, Конституциялык сотко, Жогорку сотко, Сот департаментине жөнөтөт.

2.11. Сот адилеттигинин жогорку мектеби:

а) *иштеп чыгат:*

- комплекстүү окутуу программасын;
- тематикалык семинарларды окутуунун кошумча программаларын;
- бекитилген тиешелүү окуу программаларынын негизинде жылдык окуу планын;
- окуу планына ылайык сабактардын расписаниесин;
- окуу куралын;

б) *камсыз кылат:*

- лектордук -окутуучулар курамы менен;
- окуу жайлары менен;
- техникалык жабдуулар менен;

*в) иш алып барат:*

- лектордук-окутуучулук курамынын базасын эсепке алуу;
- судьялардын жана сот системасынын кызматкерлеринин

квалификациясын жогорулатуудан өткөндүгүн эсепке алуу.

2.12. Сот адилеттигинин жогорку мектебинин угуучулары квалификацияны жогорулатуунун окуу программалары боюнча төмөнкүлөргө милдеттүү:

- окуу сабактарына катышууга;
- жыйынтыктоочу аттестациядан өтүүгө;
- этикалык жүрүм-турум эрежелерин сактоого;
- Сот адилеттигинин жогорку мектебинин ички эмгек тартибин сактоого;
- мамлекеттик мүлккө аяр мамиле жасоого.

2.13. Угуучуну жыйынтыктоочу аттестацияга киргизүү Сот адилеттигинин жогорку мектебинин директорунун буйругу менен ишке ашырылат. Эгерде угуучу окуу сабактарында 20%дан ашык окутуу сааттарына жүйөлүү себептерсиз катышпаган болсо, жыйынтыктоочу аттестацияга киргизилбейт.

## III. Окутуу процессинин сапатын контролдоо жана координациялоо

3.1. Окутуу процессинин сапатын контролдоо жана координациялоо Судьялар кеңеши тарабынан түзүлгөн комиссия тарабынан, үч жылда бир жолу жүзөгө ашырылат. Комиссиянын курамына судьялар коомдоштугунун, Сот адилеттигинин жогорку мектебинин лектордук-окутуучу курамынын өкүлдөрү киргизилиши мүмкүн.

3.2. Окутуу процессинин сапатын контролдоо-бул сот адилеттигинин жогорку мектебинин иши жөнүндө, анын ичинде квалификацияны жогорулатуу боюнча иш жүргүзгөн обочолонгон бөлүмдөр жөнүндө, угуучулардын квалификациясын жогорулатуу сапаты жана окуу программаларын ишке ашыруу жөнүндө маалыматтарды алууга, окуу программаларын ишке ашыруу боюнча ишти уюштуруу деңгээли жөнүндө тиешелүү маалыматтарды берүүгө жана окутуу процесси жөнүндө маалымдуулукту жакшыртууга багытталган баалоо жол-жобосу.

3.3. Окутуу процессинин сапатын контролдоонун максаты объективдүү, өз убагында жана так маалымат алуу болуп төмөнкүлөр саналат:

- Сот адилеттигинин жогорку мектебинде ишке ашырылып жаткан окуу программаларын өздөштүрүүнүн сапаты;
- угуучулардын окуудагы жетишкендиктеринин деңгээли;
- материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу жана окутуу процессинин натыйжалуулугуна байланыштуу башкаруу чечимдерин кабыл

алуу үчүн окуу программасынын ар бир элементинин чегинде окутуу процессинин абалы.

3.4. Окутуу процессинин сапатын контролдоонун милдеттери:

- окуу программалары боюнча квалификацияны жогорулатуунун сапатына объективдүү көз карандысыз баа берүүнү түзүү;

- окуу программаларынын мазмунун актуалдаштыруу жана түзүлүшүн өркүндөтүү;

- окутуу процессин материалдык-техникалык жактан камсыз кылууну өркүндөтүү;

- лектордук-окутуучулар курамынын компетенттүүлүгүн жана квалификациялык деңгээлин жогорулатуу (тегерек столдорго, жумушчу эксперттик топторго, тренерлер үчүн тренингдерге ж.б. катышуу).

3.5. Сот адилеттигинин жогорку мектебинде окутуу процессинин сапатын контролдоо төмөндөгүдөй жолдор менен ишке ашырылат:

- окуу программасын окутуунун башталышында угуучулардын алдын ала тесттеринин жыйынтыктарын, билим деңгээлин, көндүмдөрүн жана билгичтиктерин жыйынтыктоочу аттестациянын натыйжалары менен салыштырып талдоо;

- угуучулардын айрым модулдар боюнча жетишүүсүн контролдоону талдоонун жыйынтыктары;

- угуучуларды окутуунун сапатына канааттануусу боюнча сурамжылоо жүргүзүү жолу менен, ошондой эле сабактарга катышуусу боюнча лектордук – окутуучулар курамынын ишинин сапатын баалоо;

- окуу-методикалык колдонмолорду даярдоонун сапатын баалоо;

- окуу программаларын материалдык-техникалык, окуу-методикалык жана китепканалык-маалыматтык камсыз кылуу боюнча сапатын баалоо.

3.6. Окутуу процессинин сапатын контролдоонун алкагында иш-чараларды өткөрүүнүн натыйжалары боюнча комиссия тарабынан маалымат формасында чогултулган маалыматка талдоо жүргүзүлөт, анын жыйынтыгы Судьялар кеңеши тарабынан каралат.

Талдоонун жыйынтыгы боюнча Судьялар кеңеши Сот адилеттигинин жогорку мектеби менен бирдикте окутуу процессинин сапатын андан ары өркүндөтүү боюнча, тартип бузууларды жана кемчиликтерди жоюу боюнча иш-чаралардын планын иштеп чыгат. Иш-чаралардын планы алардын тизмесин, аткаруу мөөнөттөрүн, жооптуу аткаруучулардын жана кошо аткаруучулардын аталыштарын камтыйт.

## IV. Квалификацияны жогорулатуу процессин финансылык жана материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу

4.1. Квалификацияны жогорулатуу процессин финансылык жана

материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардын эсебинен жүзөгө ашырылат.

**Тиркемеде:**Квалификацияны жогорулатуу жөнүндө Күбөлүктүн үлгүсү.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна караштуу
Сот адилеттигинин жогорку мектеби

# Тастыктама

№ - 2024

Бул тастыктама

## *Жаныбекова Жаныл Жаныбековна*

2024-жылдын -июлунан тартып -августуна чейин
Кыргыз Республикасынын жергиликтүү
сотторунун биринчи жолу дайындалган судьяларын окутуу
программасы боюнча квалификациясын жогорулатуу
320 сааттык курсун бүтүргөнүн аныктайт

Компьютердик тестирлөөнүн жыйынтыгы ____________балл

**Директор** **А.М. Базаралиева**

Бишкек шаары

Высшая школа правосудия
при Верховном суде Кыргызской Республики

# Сертификат

№ - 2024

Настоящий сертификат подтверждает, что

***Жаныбекова Жаныл Жаныбековна***

с июля по август 2024 года прошел(а) курсы повышения квалификации по программе обучения впервые назначенных судей местных судов Кыргызской Республики в количестве 320 часов

Результат компьютерного тестирования ____________баллов

**Директор** **А.М. Базаралиева**

город Бишкек